| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br><br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br><br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ |

# ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 16-февралы №81** **Чалдовар айылы**

**«Бөбөкжан» Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин балдардын тамактануусу үчүн ата-энелердин төлөмүнүн өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34, 39-беренесине ылайык, мектепке чейинки билим берүү мекемеси «Бөбөкжан» балдарды толук кандуу тамак-аш менен камсыз кылуу максатында, азык-түлүккө болгон баалардын жогорулашына байланыштуу, тарбиялануучулардын ата-энелеринин кайрылуусунун жана 2026-жылдынын 02-февралындагы №2 протоколунун негизинде, Фрунзе айылдык кеңешинин токтом кылат:

1.«Бөбөкжан» мектепке чейинки билим берүү мекемесинде балдардын тамактануусу үчүн ата-энелердин төлөмүнүн өлчөмү бир балага күнүнө 100 (жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2.«Бөбөкжан» мектепке чейинки билим берүү мекемесинин жетекчиси түшкөн каражаттарды бекитилген тамак-аш нормаларына ылайык максаттуу жана сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылсын.

3.Айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Бектурганова Д.Т. каражаттардын туура эсептелишине жана сарпталышына көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылсын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Фрунзе айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**